# Ысык-Көл көлүнүн лоциясы жана кеме жүрүүгө жана ар кандай сууда сүзүүчү каражаттарды колдонууга тыюу салынган жана жабык суу объектилеринин же көлдөрдүн айрым акваториясынын бөлүктөрүнүн тизмеси

## 1 - глава

1. Жалпы маалыматтар.

Ысык-Көл көлүндө кемелердин сүзүүсү гидрометеорологиялык шарттар ыңгайлуу болгондо кыйынчылык жаратпайт. Бороондуу аба ырайында, көрүнүү кескин төмөндөгөндө, жээкти, айрыкча Түп булуңунда таануу кыйын.

Бардык учурда кеме айдоочулар сүзүүнүн жергиликтүү шарттарын бекем билип, жакшы деңиз практикасына ылайык келген бардык сактык чараларын көрүшү керек.

2. Жээктер.

Ысык-Көлдүн түндүк жээги Ала-Тоо кырка тоосунун этеги болуп саналат.

Суунун четине жакын жерде негизинен түз жээктин бийиктиги 2-18 м, ичкери кирген сайын жер көтөрүлөт.

Ысык-Көлдүн түндүк жээгине Балыкчы булуңу жана бир нече бухталар кирип турат, алардын эң чоңдору Тору-Айгыр, Чоктал, Чыгыш Чолпон-Ата жана Григорьевка.

Ысык-Көлдүн чыгыш жээги, жапыз түндүк жээктен бийик түштүк жээкке өтүүчү жер болуп саналат, айрыкча түндүк-чыгыш бөлүгүндө катуу тилкеленип кетет.

Чыгыш жээкке Түп жана Чолпон-Ата булуңдары терең кирип турат, алардын жээктери шамалдан жана толкундан жакшы корголгон бухталар менен тилкеленген.

Ысык-Көлдүн түштүк жээги Ала-Тоо кырка тоосунун этеги болуп саналат, анын эң бийик жери 5200 м.

Түштүк жээкке Покровский булуңу, Покровка, Тамга, Ак-Чий, Кольцовка, Тон жана Ак-Терек бухталары кирип турат.

3. Аралдар жана булуңдар.

Ысык-Көл көлүндө аралдар Түп булуңунда гана кездешет, алар ылай жана кум чөкмөлөрүнөн турат.

Аралдардын көбү бадал жана камыш менен капталган, тайыз жерлер менен курчалган.

Жээк менен жээктеги аралдардын ортосундагы өткөөлдөр өтө кууш жана кооптуу болгондуктан, сууда сүзүү үчүн колдонулбайт.

Тереңдик, түбүнүн рельефи жана топурагы.

Ысык-Көл көлү – терең көл. Эң терең жери 668 метри көлдүн борбордук бөлүгүн ээлеген ойдуңда жайгашкан, ал жерде 600 метрдей тереңдик басымдуулук кылат.

Көлдүн жээктери кыйла терең, 10 метр изобатасы түндүк жээктен 3 кабельтовдон 1,5 милге чейинки аралыкта жана түштүк жээктен 2 кабельтовго чейинки аралыкта өтөт. Көлдүн эң тайыз бөлүгү Балыкчы булуңу болуп саналат, анын тереңдиги 10-50 метр. Көлдүн чыгыш бөлүгү батыш бөлүгүнө караганда жалпысынан тереңирээк жана 40-150 метр тереңдикке ээ.

Ысык-Көлдүн Түп булуңун кошпогондо, жээк бөлүгү коопсуз. Түп булуңунун түбүнүн рельефи тегиз эмес, ортосунан Түп дарыясынын оозуна чейин, булуңдун башындагы куюлган жеринде, тереңдиги 10 метрден 45 метрге чейин жеткен кырка (желоб) созулуп жатат. Түп булуңунун түндүк жана түштүк-батыш жээктери 5 метрден аз тереңдиктеги тайыз жерлер менен курчалган.

Жыргалаң дарыясынын нугунун уландысы болгон Каракол булуңунун түбүнүн рельефи, ага кире бериш жеринен башкасы, адатта, тегиз. Каракол булуңундагы басымдуу тереңдиктер 30-45 метрди түзөт, булуңга кире бериште тереңдиктер 55-60 метрге жетет. Каракол булуңунун жээктери бүткүл узундугу боюнча олуттуу тереңдиктерге ээ.

Ысык-Көлдөгү топурак ылай, ылайлуу кум, кум, чопо жана кээ бир жерлерде таш. Ылайлуу кум жана кум 10-20 метр тереңдикке чейин таралган.

4. Навигациялык жабдуулардын каражаты.

Ысык-Көл көлү навигациялык жабдуулардын каражаттары менен жетиштүү камсыздалган эмес. Кеме жүрүү үчүн эң татаал аймактарда маяктар жана белгилер орнотулган, алар негизинен бухталарга кирүүнү жеңилдетүү жана кооптуу жерлерди тосуу үчүн кызмат кылат, көрүнүү аралыгы 3-5 миль.

Түп жана Каракол булуңдарынын кире бериштери калкып жүрүүчү белгилер (буй) менен тосулган, ал эми жээкке жакын айрым бир кооптуу жерлер - белгилер менен белгиленген. Ошондуктан, көлдүн тереңдигине карабастан, жээктерде сүзүү, айрыкча сутканын караңгы учурунда кыйындыктарды жаратат.

Калкып жүрүүчү белгилердин (буй) абалы, ошондой эле белгилердин мүнөздөмөсү өзгөрүшү мүмкүн экенин эске алуу керек, ошондуктан аларга толугу менен ишенүүгө болбойт.

5. Порттор, базалар (токтотуучу жайлар) жана якорго туруучу жерлер.

Ысык-Көл көлүндө үч порт бар, эки порт - Балыкчы булуңунун түндүк жээгиндеги Балыкчы порту жана Каракол булуңунда жайгашкан Каракол порту.

Балыкчы шаарында жайгашкан базалар (токтоочу жайлар):

-Балыкчы шаарында парустук спорт боюнча адистештирилген балдар-өспүрүмдөр олимпиадалык резерв мектебинин “Ынтымак” базасы (мындан

ары - СДЮШОР) .

Чолпон-Ата шаарында жайгашкан базалар (токтотуучу жайлар):

- Кыргыз Республикасынын Президентинин иш башкармалыгынын № 2 мамлекеттик резиденциясы;

- "Круиз" яхт-клубу" ЖЧКсынын аймагындагы булуңда;

- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин базасынын аймагындагы гидрометеорология;

- "Ынтымак" СДЮШОР кайык боюнча спорту;

- "Дос-Монстрой" ЖЧКсынын аймагындагы базада кемелерди оңдоо үчүн аларды көтөрүү жана түшүрүү үчүн слип;

Бостери айылында калкка туристтик кызмат көрсөткөн жүргүнчүлөрдү ташуучу теплоходдор жана катерлер туруучу причалдар бар.

Ысык-Көл районунун Орнок айылында:

- "Орнок Ысык-Көл" коомдук кайрымдуулук фондунун "Едельвейс" базасы;

Каракол шаарындагы базалар (токтотуучу жайлар):

- "Эрика" жеке ишканасынын "Асфандияр" сейилдөөчү катерлери;

- "Улан" ЖЧКсынын теплоходдору жана катерлери;

- "Ысык-Көл облустук балдар жана өспүрүмдөр деңиз клубунун" жаш моряктар клубу.

Түндүк жээк бойлой каттам жасаган кемелер үчүн аралык пункттар болуп Григорьевка жана Күрмөнтү бухталары, ал эми түштүк жээк бойлой Тон жана Покровка бухталары эсептелет.

Көл булуңдарында, бухталарда жана затондордо ыңгайлуу якорь түшүүчү жайлар көп. Топурак, адатта, якорду жакшы кармайт. Көлдүн чыгыш жээгиндеги эң жакшы якорь түшүүчү жайлар Түп булуңунун башында, Күрмөнтү жана Кутургу бухталарында, ошондой эле Каракол булуңундагы Липенка бухтасында жайгашкан.

Көлдүн түндүк жээгиндеги катуу шамалдан жана толкундан корголгон эң жакшы якорь түшүүчү жайлар Тору-Айгыр, Чоктал жана Чолпон-Ата Батыш бухталары болуп саналат.

Көлдүн түштүк жээгиндеги эң ыңгайлуу жана жашыруун якорь түшүүчү жайлар Покровский булуңу Покровка бухтасы менен жана Тамга, Кольцовка, Тон жана Ак-Терек бухталары болуп саналат. Айрым учурларда көлдүн түштүк бөлүгүндө кичинекей кемелер көпчүлүк бухталарда жээкке мурдун такап тура алышат, мисалы, Ак-Терек бухтасында.

6. Куткаруу кызматы.

Ысык-Көл көлүндө өзгөчө кырдаалдар же өзгөчө окуялар келип чыккан учурда куткаруу иштерин Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин куткаруу бөлүмдөрү, ошондой эле пансионаттардын жана эс алуу борборлорунун атайын даярдалган куткаруучулары жүргүзөт.

7. Гидрологиялык мүнөздөмө.

Ысык-Көл көлү, обочолонгон суу бассейни катары, өзгөчө гидрологиялык режимге ээ. Көлдүн суу чогултуу аянты анын бетинин аянтынан 2,5 эсе гана чоң, ал эми көл ойдуңунун формасы өзүнүн көлөмүнүн 80%дан ашыгы 30 метрден 650 метрге чейинки тереңдиктерге туура келип, болжол менен 20% гана 30 метрге чейинки тереңдиктерге туура келгендиги менен өзгөчөлөнөт.

Көлдүн гидрологиялык режиминин калыптанышында анын физикалык-географиялык өзгөчөлүктөрү да маанилүү ролду ойнойт. Жээк сызыгынын аз ийилгендиги толкундоонун өнүгүшүнө шарт түзөт жана агымдардын мүнөзүнө таасир этет.

8. Толкундануу.

Ысык-Көл көлү тынчы жок көлдөрдүн катарына кирет. Катуу шамал болгондо толкун тез көтөрүлөт, ар кандай багыттагы шамалдын таасиринен улам толкундар кагылышып, сүзүүнү кыйындатат, айрыкча шамал күчөп турса.

Бийиктиги 2-2,5 м болгон толкундар көлдүн бардык жеринде көп кездешет. Катуу толкундун кайталанышы салыштырмалуу жогору. Көлдө катталган толкундун максималдуу бийиктиги 4 м.

## 2 – глава

9. Ысык-Көл көлүнүн түндүк жээги.

Ысык-Көл көлүнүн түндүк жээги Балыкчы шаарынан Түп дарыясына чейин Күнгөй Ала-Тоо кырка тоосунун этегинен түзүлүп, чыгыш-түндүк тарапка 97 милге созулуп жатат.

Балыкчы шаарынан Тору-Айгыр тумшугуна чейинки алгачкы 11 миль бул жээк бир эле учурда Балыкчы булуңунун түндүк жээги болуп саналат. Ой-Тал тумшугунан Түп дарыясына чейинки акыркы 13 миль бул жээк Түп булуңунун түндүк жээгин түзөт.

Ысык-Көл көлүнүн түндүк жээгине Тору-Айгыр, Чоктал, Чолпон-Ата Батыш, Чолпон-Ата Чыгыш жана Григорьевка булуңдары кирет. Бул жээкте бири-бири менен автомобиль жолу аркылуу байланышкан көптөгөн калктуу конуштар бар.

Көрүнүктүү пункттар. Ысык-Көл көлүнүн түндүк жээги менен сүзүп бара жатканда, Чоктал айылынан 6 миль түндүктө көтөрүлгөн бийиктиги 3555,4 м болгон тоо, Карала-Арча тоосу же Чолпон-Ата калктуу конуштан 2,5 миль түндүк-түндүк батышта жайгашкан чокусунда триангуляциялык белгиси бар бийиктиги 2365,9 м болгон Кичи Колзар, Ак-Кия тоосу же Пришиб, бийиктиги 1827,6 м, Карала-Арча тоосунан 8,6 миль чыгышта жайгашкан тоо (42°48' N, 77°37' O) белгилүү белги менен, ал тунук аба ырайында ар кандай багыттан көрүнүп турат, Колубулун, Карой тумшуктарындагы суу мунаралары жана турак жайлар, Чолпон-Ата шаарындагы "Көгултүр Ысык-Көл" санаториясынын имараты, ошондой эле

Бостери калктуу конушунун аймагындагы санаторийлердин жана пансионаттардын имараттары багыт берүүчү белгилер болуп кызмат кыла алат.

Тереңдик. Ысык-Көл көлүнүн түндүк жээгинин тереңдиги негизинен бир топ эле терен, 10 метрлик изобата жээктен 0,3-1,5 миль аралыкта өтөт.

Балыкчы булуңунун жээктери жана Тору-Айгыр, Карагул, Колубулун жана Карой тумшуктарынын аймактары эң тайыз жерлер болуп саналат.

Жээктен алыстаган сайын тереңдик кескин көбөйүп, андан 2 миль алыстыкта эле 100 метрге жетет.

Колубулун жана Карой тумшуктарынын аймагында тереңдик акырындык менен көбөйөт; бул жерде 10 метрлик изобата жээктен 4-8 кабель аралыкта өтөт.

Гидрометеорологиялык маалыматтар. Жазында жана күзүндө батыштан жана түндүк-батыштан соккон шамалдар басымдуулук кылат, ал эми башка мезгилдерде алар менен катар эле чыгыштан жана түштүктөн соккон шамалдар да күч алат. Шамалдын күчү 10 баллга чейин жетиши мүмкүн.

Жазгы-жайкы мезгилде кээде куюндар байкалат. Адатта суунун тартылышы батыш, түндүк жана түндүк-чыгыш шамалдарынан келип чыгат, ал эми чыгыш, түштүк жана түштүк-батыш шамалдары болгондо суунун көтөрүлүшү байкалат.

Деңгээлдин өзгөрүшү сүзүү шарттарына анча деле таасир этпейт, бирок бул тууралуу причалдарга, тайыз жерлерге жана жээктерге жакындаганда эстен чыгарбоо керек. Бул аймакта агымдын ылдамдыгы адатта 0,2 узелден ашпайт.

Түндүк жээкте муздун пайда болушу өтө суук кыштарда гана байкалат. Муз январь айында пайда болуп, марттын экинчи жарымында жок болот. Бухталарр толугу менен тоңуп калбайт. Муз мезгилинин орточо узактыгы 75-80 күн.

Балыкчы булуңу Ысык-Көл көлүнүн жээгине Улахол тумшугунун (42°21’ N, 76°24’ O) жана андан 7,3 миль түндүктө жайгашкан Тору-Айгыр тумшугунун ортосунда кирип турат.

Булуңдун батыш жээгин Кутмалды агымы кесип өтөт, ал жаан-чачын жана жер астындагы суулар менен толукталат. Агымдын тереңдиги 3,5-4 мге жетет.

Булуңдун түндүк-батыш жээгинде Балыкчы шаары жайгашкан, шаардын курулуштары суунун четине чейин тыгыз жайгашкан.

Көрүнүктү пункттар. Балыкчы булуңуна жакындаганда, элеватордун имараты (42°27',2 N, 76°11',5 O) жана булундун батыш жээгиндеги ак мүрзөлөрдүн тобу жана Улахол тумшугунан 5 миль батыш-түштүк-батыш бөлүгүндө жайгашкан Оттук айылындагы ак имарат багыт катары болуп кызмат кыла алат.

Тереңдиктер. Балыкчы булуңунда тереңдиктер салыштырмалуу тайыз, булуңдун кире беришинде 17-56 м, ортоңку бөлүгүндө 25-30 м, ал

эми жээкке карай акырындап азаят.

Булуңдун жээктери тайыз жерлер менен курчалган. Эң тайыз жер түштүк-батыш жээгинде, 5 м изобата андан 0,5-1 миль аралыкта өтөт.

Гидрометеорологиялык маалыматтар. Балыкчы булуңунда көбүнчө түштүк-батыштан, түндүктөн жана чыгыштан соккон шамалдар басымдуулук кылат. Күз-кыш мезгилинде 11 баллга чейин жеткен катуу шамалдар бир нече сааттан 2-3 суткага чейин созулушу мүмкүн.

Жай мезгилине тынч аба ырайы мүнөздүү, ал күтүүсүздөн катуу шамал менен алмашып турат.

Балыкчы булуңунда суунун деңгээлинин көтөрүлүп-төмөндөшүнүн амплитудасы 0,3-0,4 м.

Улахол тумшугу (мыс).

Балыкчы булуңунун түштүк-чыгыш кире бериш тумшугу (мыс), жээкке жакын саздак, чөп баскан түздүккө өтүүчү дөңсөөлүү платонун учу болуп саналат.

Ак-Өлөң тумшугу (мыс).

Улахол тумшугунан (мыс) 6,5 миль батыш-түндүк-батыш тарапта жайгашкан. Ак-Өлөң тумшугунун (мыс) жээктери жапыз жана саздак. Тумшуктун (мыс) түндүк-чыгышында 1 мильге чейин таштуу кырка тоолор созулуп жатат.

Балыкчы порту.

Балыкчы булуңунун түндүк-батыш бөлүгүндө жайгашкан. Порт Ысык-Көл облусун Кыргыз Республикасынын башка облустары менен байланыштырган маанилүү транспорттук-жүктөө түйүнү болуп саналат.

Портко жакындаганда элеватордун имараты (42°27',2 N. 76°11',5 O) жана андан 2 миль чыгыш-түндүк-чыгыш тарапта жайгашкан суу мунарасы байкалат.

Порттун тушундагы түндүк жээкте Балыкчы шаары жайгашкан, анын чыгыш четинде Балыкчы кеме куруу-кеме оңдоо заводу жайгашкан.

Кемелердин заводдун причалына жакындашы үчүн узундугу 230 м жана туурасы 60 м болгон канал казылган. Каналдын тереңдиги 2,8 м. Портто бир нече пирс жана причалдар курулган.

Порттун чектери. Порттун акваториясы түштүктөн 42°26' түндүк кеңдиктин параллели менен, ал эми чыгыштан 76°15' чыгыш узундугунун меридианы менен чектелет.

Тору-Айгыр тумшугу (мыс) (42°28' N, 76°26' E) Балыкчы булуңунун түндүк кире бериш тумшугу болуп саналат.

Бул дөңсөөлүү тумшук (мыс) сейрек бадалдар менен капталган. Тору-Айгыр I маягы Тору-Айгыр тумшугуна (мыс) орнотулган.

Тереңдиги 2 метрден ашпаган тилке Тору-Айгыр тумшугунун (мыс) түштүк-чыгыш учунан 5кабельтге созулуп жатат.

Якорь таштоочу жай.

Бардык шамалдан жана толкундан корголгон, Балыкчы булуңунун түндүк-батыш бөлүгүндө жайгашкан. Якорь таштоочу жайда тереңдик 5-7

м, түбү - баткак, якорь жакшы кармайт.

Балыкчы булуңуна кирүү боюнча нускама.

Балыкчы булуңуна чыгыштан багыт алганда, Тору-Айгыр I маягынан 1,2-2,5 миль түштүктү карай өтүп, андан соң багытты түзөө зарыл. Балыкчы калкыма белгисине (буй) 8 кабельт жетпей туруп, оңго бурулуп, белгиленген причалга карай багыт алуу керек.

Түн ичинде, Тору-Айгыр I маягы траверске келгенден кийин, шаардын отторунун үзгүлтүксүз тилкеси түз алдынан көрүнөт. Балыкчы навигациялык белгиси көрүнгөндөн кийин, түз эле ошол белгини көздөй багыт алуу зарыл жана 8 кабельт жетпей туруп, якорь таштоочу жайга же причалга бурулуу керек.

Ысык-Көл пароходствосунун причалына багыт алганда, Балыкчы навигациялык белгисинен 1 кабельт түштүктү карай багыт түзүү керек, жана траверзди өткөндөн кийин, оңго бурулуп, причалдарды карай буруу керек.

Балыкчы булуңунан Түп булуңуна чейин.

Жээк түндүк-чыгышка карай 73 милге созулат. Жээкке шамалдан жана толкундан корголгон бир нече ыңгайлуу бухталар кирет. Аймактын батыш бөлүгүндө Тору-Айгыр II жана Чоктал бухталары жайгашкан, алар Рыбачье булуңуна бараткан кемелер батыш шамалдан коргонуу үчүн колдоно алышат.

Айтылган аймактын борбордук жана чыгыш бөлүктөрүндө Чолпон-Ата Батыш, Чолпон-Ата Чыгыш жана Григорьевка бухталары жайгашкан. Бардык бухталар чыгыш жана түштүк шамалдарына ачык.

Карагул, Колубулун жана Карой тумшуктарынын (мыс) жанында жана жээктин башка жерлеринде кооптуу жерлер бар. Жээкке жакын жерлер ылайлуу кум, чопо жана таш.

Тору-Айгыр II бухтасы Тору-Айгыр тумшугунан (мыс) чыгыш-түндүк-чыгышты көздөй 3,2 миль аралыкта жээкке кирип турат. Бухтанын жээктери жантайыңкы, кумдуу жана кээ бир жерлери саздак. Суунун четине жакын жерде Түндүк жолу деп аталган трасса өтөт. Бухтанын батыш жана түндүк жээктери тайыз. Бухта чыгыш жана түштүк шамалдардан башка бардык шамалдардан корголгон.

Тору-Айгыр II бухтасынын түштүк-батыш бөлүгүндө байлануучу бочка (швартовая) орнотулган. Бочканын якору жерге жакшы бекитилбегендиктен, аны өз ордунан жылдырып кетүү коркунучу бар, ошондуктан өзүңүздүн якоруңузду таштоо же бочкада туруп, машиналар менен иштөө сунушталат.

Тереңдиги 10 метрден аз болгон тайыздык Тору-Айгыр II бухтасынын түштүк кире бериш тумшугунан (мыс) чыгыш-түштүк-чыгышты көздөй 1 милге чейин созулат, тайызда кээде таштар кездешет. Батыш калкыма белгиси (буй) Тору-Айгыр II бухтасынын түштүк кире бериш тумшугунан (мыс) түштүк-чыгышты көздөй 4 кабельт аралыкта орнотулган.

Карагул тумшугу (мыс).

Тор-Айгыр тумшугунан (мыс) чыгыш-түндүк-чыгышты карай 9,4

миль аралыкта жээктен чыгып турат. Тумшуктун (мыс) жээктери шагылдуу жана кичинекей кумдуу пляждар менен курчалган. Тумшуктун (мыс) жанында эки кичинекей көл бар.

Кош-Көл бухтасы.

Кичинекей кемелер үчүн гана жеткиликтүү, Карагул тумшугунан (мыс) 1,6 миль түндүктө жайгашкан. Бухтанын кире беришиндеги тумшуктар (мыс) тик, кум плиталарынан пайда болгон.

Бухта Карагул тумшугунан (мыс) түндүк-чыгышты карай 6 миль аралыкта жайгашкан. Бухтанын батыш жээги жантайыңкы, кумдуу. Анда санаторий жайгашкан. Жээктери тайыз. Бухтага кире бериштеги тереңдик 22 м. Түбү - баткак жана кум.

Колубулун тумшугу (мыс).

Карагул тумшугунан (мыс) чыгыш-түндүк-чыгышты карай 6,7 миль аралыкта жайгашкан. Анча бийик эмес, бирок дөңсөөлүү Колубулун тумшугунун (мыс) айрым жерлерин бадал каптап турат. Тумшуктун (мыс) батыш жээги шагыл таштар менен капталган жана суунун четине чейин камыш өсүп турат.

Чоктал бухтасы.

Колубулун тумшугунун (мыс) түндүк-түндүк-батыш тарабына түздөн-түз кирип, түндүк-чыгышынан сейрек токой жана бадалдар өскөн бийик эмес тумшук (мыс) менен чектелет. Бухтанын жээктери жарым-жартылай саздак жана тайыз. Түбү кум жана ылай. Бухта түштүк-чыгыштан башка бардык шамалдан корголгон.

Чоктал дарыясы Чоктал бухтасынын түндүк-батыш бөлүгүнө куят. Дарыянын оозу кум-ылай тилкеси (коса) менен корголгон. Дарыянын жээктеринде Чоктал айылы жайгашкан. Туурасы 3-15 м болгон тилке (коса) Чоктал бухтасынын батыш жээгинен түштүк-чыгыш тарапка 2 кабельт аралыкка созулат. Батыш калкыма белгиси (буй) тилкенин түштүк-чыгыш учуна орнотулган.

Пирс бухтанын батыш жээгиндеги сайдын артында жайгашкан. Пирстин учундагы тереңдик 2,4 м. Чоктал бухтасынын түндүк жээгине орнотулган Чоктал белгилеринин багыты ушул бухтага алып барат.

Чоктал бухтасына кирүү боюнча нускама.

Чоктал бухтасына баратканда Чоктал багыты боюнча жүрүү керек. Бухтага кирип жатканда, кире бериш тумшуктарды курчап турган кум-шагылдуу тайыздардан жана бухтанын батыш жээгинен чыгып турган кумдуу сайдан сактануу керек.

Алдыңкы белгиге 5 кабельтов жетпей солго бурулуп, бухтанын терең бөлүгү менен пирске карай этияттык менен баруу керек.

Карой тумшугу (мыс).

Колубулун тумшугунан (мыс) 12 миль чыгышта жайгашкан. Тумшукта (мыс) бийиктиги 1613,7 м болгон тоо көтөрүлөт. Карой тумшугунун (мыс) жээктери кум-шагылдуу, дөңсөөлүү, алардын кулап түшүүсүнөн эфедра бадалдары сактайт.

Чолпон-Ата Батыш бухтасы.

Карой тумшугунан (мыс) түндүк-чыгышка карай жээкке кирет. Бухтанын жээктери тоо этегиндеги түздүктү түзөт.

Батыш жээги кумдуу жана жылаңач, чыгыш жээги таштуу, сейрек бадалдар өсүп кеткен. Бухтанын түндүк жана батыш жээктеринде санаторийлер жайгашкан.

Жээктердин тереңдиги кыйла. Бухтанын кире беришинде тереңдик 30 метрден ашык, чокусуна карай 7 метрге чейин азаят. Түбү - баткак, кум жана балыр. Бухта түштүк шамалдан башка бардык шамалдарда казык таштоого ыңгайлуу.

Чолпон-Ата тумшугу (мыс).

(42°38' N, 77°05' E) Чолпон-Ата Батыш бухтасынын түштүк-чыгыш кире бериши жана Чолпон-Ата Чыгыш бухтасынын түштүк-батыш кире бериши болуп саналат, анын түндүк жээктеринде Чолпон-Ата шаары жайгашкан. Тумшуктун (мыс) жээктери чопо, кум жана шагылдын террасалык катмарларынан турат.

Тумшуктун (мыс) батыш жээгинде, андан 2,2 кабельт алыстыкта суу астындагы таштар кездешет.

Чолпон-Ата Чыгыш бухтасы Чолпон-Атанын тумшугунун (мыс) түндүк-чыгышында жээкке кирип турат. Бухтанын жээктери жапыз, түз, чөп менен капталган жана кумдуу пляждар менен курчалган. Бухтага жакындаганда санаторийдин имараты багыт болуп саналат.

Бухтанын кире беришинде тереңдик 35-45 м, ортосуна карай 33 метрге чейин азаят, бухтасынын чокусунда тереңдик 13 м. Анын ортоңку бөлүгүндөгү топурак чопо жана кум, жээкке жакын жерде кум. Бухта түндүк жана батыш шамалдарынан корголгон.

"Көгүлтүр Ысык-Көл" санаторийинин причалы Чолпон-Ата Чыгыш бухтасынын түндүк-чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. Причалдагы тереңдик 2-2,4 м. Причалга сейилдөөчү кемелер токтошот.

"Ысык-Көл" эс алуу үйүнүн причалы Чолпон-Ата Чыгыш бухтасынын чокусунда курулган. Причалдын тереңдиги 1,2-2,6 м.

Бостери тумшугу (мыс).

Чолпон-Ата тумшугунан (мыс) чыгышка карай 6 миль аралыкта жээктен чыгып турат. Бостеринин жапыз тумшугунун (мыс) жээктери сууну карай тепкич болуп түшөт. Тумшук бадалдар менен капталган. Анын батыш жээгинде санаторийлер, эс алуу үйлөрү жана пансионаттар жайгашкан.

Григорьевка бухтасы.

Түндүк жээкке Григорьев тумшугунун (мыс) (42°39',3 N, 77°27',5 O) жана андан чыгышка карай 7 кабельт аралыкта жайгашкан тумшуктун (мыс) ортосунда кирип турат. Бухтанын жээктери сейрек өсүмдүктөр менен капталган жана кум-шагылдуу пляждар менен курчалган.

Бухтанын батыш жээгинде Пристань Григорьевка кыштагы жайгашкан. Бухтанын чокусуна Чоң-Аксуу дарыясы куят, анын оозунан 3

миль түндүктө Григорьевка айылы жайгашкан.

Бухтанын оозундагы тереңдик 20 м, ортоңку бөлүгүндө тереңдик 10 метрге чейин азаят. Жээктеринин тереңдиги кыйла. Түбү – баткак, ири кум, кээ бир жерлеринде плита.

Бухта бардык шамалдарга ачык. Бухтанын жээктеринде бир нече пирс курулган.

Эскертүү. Григорьевка бухтасынын пирстеринде бороондуу аба ырайында кемелердин токтошу кооптуу. Кичинекей кемелер бороон учурунда эки байлагыч (швартовные) бочкага токтосо болот.

Причал Григорьевка бухтасынын түндүк жээгинде курулган. Причалдын жанындагы тереңдик 2,7-2,8 м.

Григорьевка навигациялык белгиси Григорьевка бухтасынын түндүк жээгине орнотулган. Калкыма белги (буй) Григорьев тумшугунан (мыс) 2,6 миль түштүк-чыгышка орнотулат.

10. Ысык – Көл көлүнүн чыгыш жээги.

Ысык-Көл көлүнүн чыгыш жээги бийик жана кумдуу, жарым-жартылай өсүмдүктөрү бар, айрым жерлеринде кумдуу пляждар менен курчалган. Жээгине Түп жана Каракол эки чоң булуң кирип турат, алардын жээктери булуңчалар, суу каптаган жерлер жана дарыялардын ооздору менен абдан тилкеленип келет.

Жээктерге жакын жерлерде, өзгөчө тайыз жерлерде жана булуңдарда суунун үстүндөгү жана астындагы таштар чачылып жатат. Жээк бойлой сүзүүдө булуңдар жана курулуштар багыт берүүчү белгилер болуп саналат.

Жээк тилкесиндеги топурак кум, айрым жерлеринде ылай, чопо жана таш кездешет. Көпчүлүк булуңчалар жана суу каптаган жерлер кеме казык (якорь) таштоо үчүн колдонулушу мүмкүн.

Көлдүн чыгыш жээгинде Кутургу, Күрмөнтү, Түп, Николаевка, Михайловка деген чоң айылдар жана Пристань-Каракол поселогу жайгашкан.

Булуңдарда сүзүү кыйынчылык жаратпайт, анткени алар кыйла кең жана терең, ал эми алардын кире бериштери оңой эле таанылат. Бирок, Түп булуңунда сүзүү, өзгөчө түнкүсүн, тайыз жерлер жана таштардан улам кыйынга турат.

Түп булуңу.

Ысык-Көлдүн чыгыш жээгине Ой-Тал тумшугунун (42°43' N, 78°02'O) жана андан 6 миль түштүк-түштүк-чыгышта жайгашкан, Кургак кырка тоосунун түндүк-батыш учу - Кош-Кулусун тумшугунун ортосунда кирип турат. Булуңдун жээктери терең кирип турган бухталар жана затондор менен абдан тилкеленип кетет, алардын жээктери, адатта, бийик, тик, чөп өсүмдүктөрү жана бадалдар менен капталган.

Булуңдун жээктеринде жайгашкан калктуу конуштардын ичинен эң ирилери Кутургу, Күрмөнтү, Түп жана Николаевка айылдары болуп саналат. Түп булуңунун түштүк-чыгыш жээгинен 2,6 миль түндүк-батыш тарапка карай тереңдиги 5 метрден аз болгон тайыздык созулуп жатат.

Түп булуңунун ортоңку бөлүгүндөгү тереңдиктер 20-40 метр, чыгыш бөлүгүндө 6-20 метр. Бухталарда жана затондордо жээктер олуттуу тереңдикке ээ жана 10 метр изобата жээке жакын өтөт.

Ой-Тал тумшугу .

(42°43' N, 78°02'O) Түп булуңунун түндүк-батыш кире бериш тумшугу болуп саналат. Тумшук жапыз жана анча байкалбайт. Тумшуктан 2 кабельт аралыктагы жер таш, кум.

Кутургу булуңу.

Булуңдун түндүк жээгине Ой-Тал тумшугунан чыгыш-түндүк-чыгышка карай 4,3 миль аралыкта кирет. Булуңдун жээктери жапыз, кумдуу, өсүмдүктөр менен капталган. Кутургу булуңунун батыш жана чыгыш кире бериш тумшуктары тиешелүүлүгүнө жараша 1 жана 1,8 метрден аз тереңдиктеги тайыз жерлер менен курчалган.

Чыгыш кире бериш тумшугундагы тайыз жер буй менен тосулган. Булуңдун батыш жээгинде "Дружба" пансионаты жайгашкан. Булуңдун ортоңку бөлүгүндөгү тереңдик 12-17 метрден турат. Булуңдагы жер кум, кээде таш кездешет. Булуң түштүк-чыгыштан башка бардык шамалдан корголгон.

Кичи кемелер үчүн казык таштоочу жайлар булуңдун батыш жээгинде жана анын чокусунда жайгашкан. "Дружба" пансионатынын пирси булуңдун батыш жээгинде жайгашкан, пирстин жанындагы тереңдик 1,8-2,6 метрди түзөт.

Кутургу булуңуна кирүү боюнча нускама.

Кутургу булуңуна киргенде ылдамдыкты азайтып, анын кире бериш тумшуктарын курчап турган тайыз жерлердин ортосунан өтүп, өтө этият болуу керек. Булуңга киргенден кийин солго бурулуп, пирсти көздөй баруу керек.

Мүйүз (Рогатая) тумшугу. (42°44' N, 78°12'O) жапыз жана жарым-жартылай чөп өсүмдүктөрү менен капталган. Мүйүз тумшугунан 8 кабельтке түштүк-батышта кумдун жылышынан пайда болгон жана бара-бара чоңоюп жаткан аралча жайгашкан. Аралча чөп өсүмдүктөрү жана камыш менен капталган. Анда жапайы өрдөктөр жана чардактар уялашат.

Түп маягы Мүйүз тумшугуна орнотулган. Күрмөнтү навигациялык белгилеринин створу, Күрмөнтү булунунун көмүр пристанына алып барат. Мүйүз тумшугуна орнотулган Рогатый навигациялык белгилеринин створу Түп булуңунун баш жагына алып барат.

Мүйүз (Рогатая) булуңу.

Кругленькая булуңунун түндүк-чыгышка карай 6 кабельт аралыкта жайгашкан. Рогатая булуңунун жээктери бийик жана тик. Ал түштүк шамалдан башка бардык шамалдан корголгон. Бухтанын ортоңку бөлүгүндө анын баш жагын түштүк шамалдан да коргогон аралча жатат. Бухтадагы тереңдик 7,6-17,2 метр болот, түбү кум. Якорьго туруучу жерлер булуңдун баш жагында жайгашкан.

Күрмөнтү булуңу.

Бардык шамалдардан корголгон, Түп булуңунун түндүк жээгине Рогатая булуңунан чыгышка карай 2 кабельт аралыкта кирип турат. Курменты бухтасына кирүүдөгү багыттар болуп жээкте жайгашкан заводдун түтүгү жана электр берүү линиясынын жогорку вольттуу мамылары эсептелет.

Булунга кире бериштеги терендик 27 метр, ортоңку бөлүгүндө 20 метр, ал эми бухтанын баш жагы 5 метрден аз. Түбү – кум жана чопо, бирок жээке жакын жерлерде ылай да кездешет.

Күрмөнтү бухтасына кирүү жана чыгуу боюнча нускама**.**

Күрмөнтү бухтасына баратканда, Күрмөнтүнүн створун артка алып, 33°,7 курсуна түшүү керек. Бул курс көмүр причалына алып барат. Эгерде Күрмөнтү булуңунун түндүк бөлүгүнө келүү зарыл болсо, көмүр причалына 0,2 кабельт жетпей, солго бурулуп, бухтанын ортосун кармануу керек. Курменты бухтасынан чыгуу үчүн Курментынын створуна түшүп, 213°,7 курсу менен жүрүү керек.

Түп маягына 2 кабельт жетпей, солго бурулуп, Түп булуңунун баш жагына алып баруучу Рогатый створуна түшүү керек, же оңго бурулуп, көлгө алып баруучу 255° курсуна түшүү керек.

Кең булуң.

Күрмөнтү булуңунан чыгышка карай 9 кабельт аралыкта жайгашкан. Кең булуңдун жээктери чополуу жана тик. Булуңдагы тереңдиктер негизинен 10 метрден ашык. Булуңда түштүктөн соккон шамалдан башка бардык шамалдан корголгон якорьга туруучу жай бар.

Ак-Куйрук тумшугу.

(42°45' N, 78°16' O) Түп булуңунун түштүк жээгинен чыгып турат. Тумшук бийик эмес жана чөп өсүмдүктөрү менен капталган. Тумшуктун учунда үй бар. Ак-Куйрук тумшугуна орнотулган Ак-Куйрук белгилеринин створу Түп булуңунун сырткы бөлүгү боюнча өтөт.

Түп айылы Түп дарыясынын сол жээгинде, Түп булуңунун баш жагына куят. Түп айылынын каршысында, булуңдун баш жагындагы түндүк жээгинде Түп причалы жана пристаны курулган. Түп булуңунун түштүк жээгинен орун алган.

Түп булуңунда сүзүү боюнча нускама.

Түп булуңуна кирүү үчүн, Түп маягынан түндүктү карай 1 кабельт аралыкта өтүү максатында 75° курска түшүү керек.

Андан кийин Мүйүз тумшугун айланып, Мүйүз створун артка алып, 77°,9 курска түшүп, Ак-Куйрук тумшугу траверзге келгенге чейин ошол курс менен жүрүү зарыл. Ак-Куйрук тумшугун өткөндөн кийин, кемени багытын түз каратып, 84°,5 курска түшүп, Түп пристанына баруу керек.

Пристанга 3 кабельт жетпей, оңго бурулуп, пристанга же пирска баруу зарыл. Күндүз Мүйүз тумшугунан Ак-Куйрук тумшугуна чейин Ак-Куйрук створун колдонсо болот, ал Түп булуңунун сырткы бөлүгү боюнча жана тайыздардан коопсуз аралыкта өтөт.

Түп булуңунун баш жагынан чыгуу үчүн, Түп пристанын артка алып, 264°,5 курска түшүп, Ак-Куйрук тумшугу траверзге келгенге чейин ошол курс менен жүрүү керек. Ак-Куйрук тумшугун өткөндөн кийин, Мүйүз створуна түшүп, 257°,9 курсу менен жүрүү зарыл.

Түп маягына 2-3 кабельт жетпей, оңго бурулуп, Мүйүз тумшугун кеминде 1 кабельт аралыкта айланып өтүү керек, андан кийин 255° курска түшүп, Кутургу калкыма белгисинен түндүктү карай 7,5 кабельт аралыкта жайгашкан чекитке чейин жүрүү зарыл.

Каракол же Жыргалаң булуңу.

Булуң кууш. Кургак кыр жарым аралынын түштүгүндө жайгашкан. Булуңга кирүү түндүктөн жана түштүктөн анын кире бериш тумшуктарын курчап турган тайыз жерлер менен чектелген. Каракол булуңунун кире беришиндеги тереңдик 55-60 метр, ортоңку бөлүгүндө 30-45 метр, андан ары чыгышка карай тереңдик акырындык менен азаят.

Булуңдагы грунт кум, баткак жана чопо. Эң жакшы якорьго туруучу жерлер Липенка, Ырдык булуңдарында жана Каракол пристанынын гаванында жайгашкан.

Белгилүү пункттар.

Каракол булуңуна батыштан жана түштүк-батыштан жакындаганда, Кой-Сары жарым аралынын түндүк жээгиндеги суу мунарасы, Кой-Сары тумшугунун батыш-түштүк-батыш бөлүгүнөн 3 кабельт аралыкта жайгашкан ориентир болуп саналат.

Каракол булуңу өзгөчө сүзүү режими бар аймак, анда кемелердин кыймылы Ысык-Көл көлүнүн Жыргалаң булуңунда сүзүү боюнча нускама менен жөнгө салынат. Кой-Сары жарым аралы Каракол булуңунун түштүк жээгинен чыгып, ага кирүүнү түштүктөн чектейт.

Жарым аралдын түндүк чети Кой-Сары тумшугу (42035'N, 78°10'O), анын аймагында суу мунарасы жана турак жайлар бар. Жарым аралдын чыгыш жээгинен түштүк-чыгышка карай Кой-Сары тумшугу (42035' N, 78°10' O) жайгашкан, анын аймагында көрүнүктүү турак жайлар бар. Кой-Сары жарым аралынын чыгыш жээгинен Липенка бухтасына кире бериште кемелер Улан шамалынан коргоно алышат.

Кой-Сары маягы Кой-Сары тумшугуна орнотулган. Кой-Сары маягынын жанында сигналдык станция бар. Станцияда Каракол булуңундагы кемелердин кыймылын жөнгө салуучу сигналдар көтөрүлөт. Аба ырайы начар болгондо станцияда тумандуу сигналдар, металл буюмга уруу аркылуу берилет.

Койсары тайызы 0,4-5 м тереңдикте. Кой-Сары жарым аралынын батыш учунан батыш-түндүк-батыш тарапка 2 мильге созулат. Койсары тайызынын түндүк-батыш четин тосуучу Койсары навигациялык калкыма белгиси Кой-Сары тумшугунан батышка карай 4,5 миль аралыкта орнотулган.

Липенка бухтасы Кой-Сары тумшугунан чыгыш-түштүк-чыгышка карай 1,8 миль аралыкта жээкке кирип турат. Бухтанын жээктери бийик

жана тик, алар чөп, камыш жана бадалдар менен капталган. Бухтага кире бериштеги терендик 27-30 метр. Анын баш жагын карай алар акырындык менен 7 метрге чейин азаят. Бухта бардык багыттагы шамалдардан кемелер үчүн жакшы баш калкалоочу жай болуп саналат. Ырдык бухтасы Пржевальский булуңунун түштүк жээгине Кой-Сары тумшугунун чыгышка карай 3 миль аралыкта кирип турат.

Бухтанын жээктери тик, бадалдар менен капталган жана тереңдиктери чоң. Бухтага кире бериштеги тереңдик 23-26 метр, ортоңку бөлүгүндө - 16 метрден ашык. Түбү - баткак. Бухтанын чокусуна Ырдык дарыясы куят, анын оозундагы терендик 0,3-0,5 м. Бухта бардык шамалдардан корголгон, анда жакшы якорь түшүүчү жерлер бар. Эскертүү. Ырдык бухтасында бардык кемелердин сүзүүсүнө тыюу салынган.

Каракол пристанынын порту.

Каракол булуңунун түштүк жээгинде, Каракол дарыясынын оозунан түндүк-чыгыш тарабында жана батышында жайгашкан. Портко жакындаганда, Каракол пристаны айылындагы тоодо орнотулган Н.М. Пржевальскийдин эстелиги багыт болуп саналат.

Каракол дарыясынын оозунан батышка карай жээктери пляж менен курчалган бухта бар. Бухтадагы тереңдиктер анын баш жагына карай 11,6 метрден 0,6 метрге чейин акырындык менен азаят. Чөкмөлөрдүн натыйжасында бухтадагы тереңдиктер өзгөрүп турат. Бухтадагы грунт ылай.

Каракол дарыясынын оозунан чыгыш-түндүк-чыгыш тарапка 4 кабельт аралыкта жээкке дагы бир бухта кирип турат, анда 3,5 метрге чейинки тереңдиктер сакталат. Портто ар биринин узундугу болжол менен 50 метр болгон эки пирс курулган.

Каракол дарыясынын оозунан чыгышка карай 6 кабельт аралыкта орнотулган Каракол-Пристань створ белгилеринин сызыгы Каракол пристанынын портуна алып барат. Каракол дарыясынын оозунан батыш-түштүк-батыш тарапка 4 кабельт аралыкта орнотулган Каракол створ белгилеринин сызыгы Каракол-Пристань портуна алып барат. Каракол шаары Каракол дарыясынын оозунан түштүк-түштүк-чыгыш тарапка 5 миль аралыкта жайгашкан.

11. Ысык-Көл көлүнүн түштүк жээги.

Ысык-Көл көлүнүн түштүк жээги Каракол булуңунан Балыкчы шаарына чейин Тескей Ала-Тоо кырка тоосунун этегинен түзүлүп, түштүк-батышка 90 мильге созулат. Улахол тумшугунан Балыкчы шаарына чейинки акыркы 11 миль бул жээк Балыкчы булуңунун түштүк жээгин түзөт.

Жээк тилкелүү. Навигациялык мааниси барлары: Покровка булуңу, Покровка, Ак-Чий, Кольцовка, Тон жана Ак-Терек бухталары. Бухталар жана булуңдар негизинен түндүк шамалдан башка бардык шамалдан корголгон.

Жээк, Кой-Сары жарым аралынан Карабулун жарым аралынын түштүк четине чейинки бөлүгүнөн башкасы, олуттуу тереңдикке ээ,

тумшуктардын аймагында гана жер үстүндөгү жана суу астындагы таштар кездешет. 5 метр изобата жээктен 1-5 кабель аралыкта өтөт.

Кой-Сары жарым аралынын түндүк-батыш четинен түштүк-батышка карай 18 миль аралыкта жээктер 20 метр изобатага чейин жеткен таш плиталар менен курчалган.

Белгилүү пункттар. Ысык-Көл көлүнүн түштүк жээги менен сүзүп бара жатканда, Малый Оргочор тоосу, Покровский булуңундагы санаторийдин имараты, Барскоон капчыгайы жана Тамга айылындагы санаторийдин имараттары багыт катары кызмат кылат.Түн ичинде Тон булуңунун түндүк-батыш кире бериш тумшугунда жайгашкан Тон айылынын жарыгы абдан байкалат.

Якорьго туруучу жайлар. Ысык-Көлдүн түштүк жээгине кирип турган дээрлик бардык булуңдарда ыңгайлуу якорьго туруучу жайлар бар. Түштүк шамал болгондо Тамга, Ак-Чий жана Жаргылчак булуңдарында убактылуу якорь таштоого болот. Бул якорь түшүүчү жайларга этияттык менен, тереңдикти өлчөп, жай ылдамдыкта жакындаш керек.

Кичине Оргочор тоосу (42°26' N, 77°55' O) бийиктиги 1751,3 м Кой-Сары тумшугунан түштүк-батышка карай 13,5 миль аралыкта көтөрүлөт. Тоо жакшы багыт болуп саналат жана алыстан байкалат. Тоодо навигациялык белги бар.

Карабулуң жарым аралы. Ысык-Көлдүн жээгинен батышка карай 6,5 мильге чыгып турат. Жарым аралдын батыш чети Карабулуң тумшугу болуп саналат. Жарым аралдын жээги жапыз жана дээрлик өсүмдүктөрү жок.

Суунун четине жакын жерде кум-чопо дөбөлөрү кездешет. Жээктин ичкери жагына карай террасалар тоо боoруна кескин өтөт. Тереңдиги 5 метрден аз болгон тайыз жер Карабулуң жарым аралынын батыш четин курчап турат. Тайыз жерде суу үстүндөгү жана суу астындагы таштар чачыранды жатат. № 1 жана №2 буйлары Карабулуң тумшугунун түштүк-түштүк-батыш бөлүгүнөн 1,2 миль аралыкта жана батышынан 6 кабельт аралыкта тиешелүү түрдө коюлат.

Покровка булуңу. Карабулун жарым аралынын түштүгүндө жайгашкан. Булуңдун жээктери кумдуу. Түштүк жээги бийик жана жыш өсүмдүктөр менен капталган, ал эми түндүк жээги жапыз жана дээрлик жылаңач. Булуңга жакындаганда жана анда сүзүп жүргөндө, төрт кабаттуу реабилитациялык борбор ориентир болуп саналат.

Булуңга кире бериштеги тереңдик 75-80 метр, ортоңку бөлүгүндө 50-65 метр, баш жагында 12 метр. Булуңдагы грунт кум жана ылай, жээкке жакын жерлерде коркунучтар бар. Чыгыш жана түштүк шамалдан корголгон якорьго туруучу жай булуңдун баш жагында жайгашкан.

Булуңга кирүү үчүн ориентир болуп булуңдун батыш жээгинде жайгашкан реабилитациялык борбордун суу мунарасы саналат. Булуңдун тереңдиги негизинен 10 метр, эң чоң тереңдиги 13 метр, грунту - кара ылай, кум жана балырлар. Покровка булуңу бардык шамалдан корголгон жана

ыңгайлуу якорьго туруучу жай болуп саналат.

Покровка пирси Покровка булуңунун кире беришинен түштүк-чыгышка карай 8,5 кабель аралыкта жабдылган. Пирстин жанында причал бар. Пирс менен причалдын боюндагы тереңдик 2,4-3 м. Покровка пирсинен түштүк-чыгыш тарапта артезиан кудугу жайгашкан.

Покровка булуңунда сүзүү боюнча нускама.

Покровка булуңуна кирүү үчүн Покровка створунун багытында, ага 30° пеленг боюнча жайгашкан чекитке чыгуу керек. Бул чекиттен Покровка багытына түшүп, ал боюнча 69°,2 курсу менен Покровка бухтасына алып баруучу бурулуш чекитине чейин баруу керек.

Покровка бухтасынан чыгуу үчүн Покровка навигациялык белгисине карай багыт алып, аны оң жакта калтырып, Покровка бухтасынын кире беришинин ортосунда кармануу керек. Андан кийин Покровка навигациялык белгисинин секторуна кирип, аны арт жакта калтырып, 303°,5 курсуна түшүү керек.

Покровка багытына чыккандан кийин, солго бурулуп, ал боюнча 249°,2 курсу менен Карабулун маягына 30° пеленг боюнча 3,3 миль аралыкта жайгашкан чекитке чейин баруу керек.

Джаргылчак бухтасы. Карабулун тумшугунан түштүк-түштүк-батыш тарапка 15 миль аралыкта жээкке кирип турат. Булуңдун жээктери бийик, таштак жана терең. Булуңдун түштүк жээгинин баш жагында, үйлөр бири-биринен алыс жайгашкан.

Кирүү жериндеги, бухтанын ичинде тереңдик 44-49 метр, ал эми баш жагында 10 метр. Түбү - кум. Бухта бардык шамалдарга ачык болгондуктан, якорь таштоо кооптуу.

Барскоон бухтасы. Жаргылчак бухтасынан батыш тарапка 3,3 миль алыстыкта жайгашкан. Бул жерде кооз Барскоон капчыгайы бар, ал Ысык-Көлдүн түштүк жээги менен сүзүп өтүүдө жакшы ориентир болуп саналат. Бухтанын чокусунан түштүк-чыгышка карай 1,9 миль алыстыкта Барскоон дарыясынын эки жээгинде жайгашкан чоң Барскоон айылы бар.

Бухтанын жээктери бийик жана терең. Батыш жана чыгыш жээктери бадалдар менен капталган. Бухтанын кире беришиндеги тереңдик 50 метрден ашык, ал эми ортоңку бөлүгүндө азаят. Түбү - кум, ылай, чопо. Бухта кичи кемелер үчүн якорьго турууга ыңгайлуу.

Тамга бухтасы. Барскоон бухтасынан түштүк-батышка карай 2,5 миль алыстыкта жайгашкан. Тамга дарыясы Тамга бухтасынын башталышына куят, анын жээктеринде туристтик лагерлер жайгашкан. Бухтага жакындаганда, бухтанын баш жагынан түштүк-чыгышка карай 8 кабельт алыстыкта жайгашкан санаторийдин имараттары ориентир болуп саналат. Бухтанын жээктери бийик, тик жана терең.

Бухтанын кире беришиндеги тереңдик 49 метр, ортоңку бөлүгүндө 26 метр, баш жагында 16 метр. Түбү - кум. Бухта шамалга ачык болгондуктан, бороон учурунда Ак-Чий бухтасына жашынуу сунушталат. Санаторийдин пирси бухтанын батыш жээгинде жайгашкан. Пирстин жанындагы тереңдик

0,8-2,2 метр. Пирстин жанындагы жээкте таза суусу бар кудук бар.

Тамга кыштагы Тамга дарыясынын оң жээгинде, анын четинин чыгыш-түштүк-чыгышты карай 8 кабель аралыкта жайгашкан жана Ысык-Көлдүн түштүк жээгиндеги эң ири калктуу конуштардын бири болуп саналат. Санаторийдин үйлөрү жашылчалардын арасында жайгашып, ал бухтага жакындаганда багыт берүүчү белги болуп саналат.

Ак-Чий бухтасы. Тамга бухтасынан батышты карай 2 миль аралыкта жайгашкан. Анын түндүк жана батыш жээктери жапыз, ал эми түштүк жээги бийик. Бухтада Ак-Чийдин алдыңкы белгисинин түндүгүндө тереңдиги 0,6 метр болгон пирс курулган. Бухтага кире бериштеги тереңдик 20 метр, баш жагына карай тереңдик 2,8 мге чейин азаят. Түбү - кум. Ак-Чий навигациялык белгилеринин створу Ак-Чий бухтасынын батыш жээгине орнотулган жана бул бухтага алып барат. Бухта Ак-Чий тумшугунан батышты карай 3,7 миль аралыкта жайгашкан.

Бухтанын жээктери жапыз, кумдуу. Бухтага куйган Тосор дарыясынын оң жээгинен түндүк-батыш бөлүгүнө карай кумдуу тилке созулуп, ал сел учурунда кээ бир жерлерде жуулуп кетет. Бухтага кире бериштеги тереңдик 30 метр, ал эми баш жагында 5 метр. Тон бухтасы Кольцовка бухтасынан батыш-түндүк-батышты карай 5 миль аралыкта жээкке кирип турат.

Тон бухтасы түштүк жээктеги эң мыкты бухталардын бири болуп саналат. Бухтанын жээктери бийик жана тереңдиктери чоң. Анын баш жагындагы жээкте реликт көлү бар. Бухтага Тон дарыясы куят. Бухтага кире бериштеги тереңдик 60 метрден ашык.

Бозбешик тумшугу. Тон булуңунун чыгыш кире беришинде жайгашкан, бийик жана тик тумшук. Тон булуңунун түштүк жээгине орнотулган Тон навигациялык белгилеринин створу ушул булуңга алып барат. Бороон учурунда кемелер токтоого ыңгайлуу болгон якорьго туруучу жай Тон дарыясынын оозунан 4 кабель түндүктө жайгашкан кичинекей булуңдун баш жагында жайгашкан.

Кемелер ошондой эле ушул кичинекей булуңдун жээгине тумшугун каратып, жээкте ушул максатта бекитилген якорь чынжырына швартовдук аркандарды байлап койсо болот.

Кара-Көл булуңу. Тон булуңунан батыш-түндүк-батыш тарапка 9 миль аралыкта жээкке кирип турат. Кара-Көл булуңунун жээктери жапыз, кум-шагылдуу, алар туурасы 18-20 метр болгон кумдуу пляждар менен курчалган.

Кара-Көл булуңунун чыгыш кире беришинен түндүккө карай 3 кабель аралыкта суу астындагы таштар тилкеси созулуп жатат. Кире бериштеги тереңдик 20 метр.

Ак-Терек булуңу же Урду-Кучар. Кара-Көл булуңунан батыш-түндүк-батыш тарапка 2 миль аралыкта жээкке кирип турат. Ак-Терек булуңунун жээктери тик, көбүнчө тыгыз шагылдан турат. Булуңдун баш жагына Ак-Терек дарыясы куят.

Дарыянын оозундагы жерлер суу ташкынында жуулуп, өзүнчө аралчалар пайда болот. Кээде ал жерлер жарым-жартылай кургап калат. Булуңдун кире беришиндеги тереңдик 64 метр, чокусуна карай акырындык менен 10 метрге чейин азаят. Булуң түндүк шамалдан башка бардык шамалдан корголгон.

Ак-Терек тумшугу. Ак-Терек булуңунун түндүк-батыш кире бериш тумшугу болуп саналат. Ал бийик жана өсүмдүктөрү жок. Тумшуктан түндүк-чыгышка карай 1 кабельт аралыкта риф чыгып турат, ал белги менен тосулган.

Ак-Терек булуңунун баш жагындагы жээкте орнотулган Ак-Терек навигациялык створ белгилеринин багыты ушул булуңга алып барат.

Якордук орундар. Ак-Терек булуңунун батыш жээгине кирип турган үч кичинекей бухтада жайгашкан. Түштүк жана ортоңку бухталарда кемелер тумшугун жээкке каратып, швартовдорду жээкте бул максат үчүн бекитилген якордук чынжырларга байласа болот.

Ак-Терек булуңуна кирүү боюнча нускама. Ак-Терек булуңуна жакындаганда, алгач Ак-Терек навигациялык белгиси ачылат. Аны батышка калтырып, Ак-Терек створуна 191°,2 курсу менен түшүү керек. Ак-Булун булуңу кичи кемелер үчүн гана жеткиликтүү, Ак-Терек тумшугунан батыш-түндүк-батышка карай 11,5 миль аралыкта түштүк жээкке кирет.

Булуңдун түндүгүн батыш шамалдарынан жана толкундардан жарым арал коргойт, анын түндүк учу Улахол тумшугу болуп саналат.

Якордук орун. Балыкчы портуна бараткан кемелер үчүн Улан шамалынан коргонуу үчүн ыңгайлуу жер. Ак-Булун булуңунун түштүк-чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. Якордук орундагы тереңдик 4-5 метр. Түн ичинде якордук орунду таануу кыйын, ошондуктан аны күндүз гана колдонуу сунушталат.

12. Башкы багыттар боюнча сүзүү боюнча нускама.

Ысык-Көлдө аба ырайы жакшы болгондо сүзүү кыйынчылык жаратпайт. Бороондуу аба ырайында, көрүнүү кескин төмөндөгөндө, жээкти таануу кыйын, айрыкча Түп булуңунда.

Батыштан бороондун белгилери пайда болгондо, ошондой эле катуу шамал болгондо, дароо эле жакынкы якорьго туруучу жерге якорь таштап же Ысык-Көлдүн түндүк же түштүк жээгине жашырынуу керек.

Балыкчы портунан Түп булуңуна чейин жана кайра сүзүү. Көлдүн түндүк жээги менен жүргүзүлөт. Балыкчы навигациялык белгисинин түштүк бөлүгүнөн 1 кабельт аралыкта жайгашкан баштапкы чекиттен Түп булуңуна багыт алганда, 95° курска түшүп, Тору-Айгыр I маягынын түштүк бөлүгүнөн 2 миль аралыкта жайгашкан чекитке жеткенден кийин, 77,5° курска бурулуп, 76 миль сүзүү керек**.**

Кутургу навигациялык калкыма белгисине 8 кабельтов жетпей, же Кутурга навигациялык белгиси 28° пеленгке келгенде (сол борттун 49°,5 бурчу), 38°,5 курсуна түшүү керек. Бул курс менен 1,2 миль жүрүп, түндүктү карай 7,5 кабельтов аралыкта жайгашкан чекитке жетүү керек.

Түп булуңунан Балыкчы портуна сүзүп бара жатканда, Кутургу навигациялык калкыма белгисинен түндүктү карай 7,5 кабельтов аралыкта жайгашкан чекиттен 218°,5 курсуна түшүү керек. Кутургу навигациялык белгиси 28° пеленгге келгенде (оң борттун 169°,5 бурчу), 257°,5 курсуна бурулуп, бул курс менен Балыкчы булуңуна чейин баруу керек.

Балыкчы портунан Каракол булуңуна чейин жана кайра артка сүзүү. Балыкчы навигациялык белгисинин түштүк бөлүгүнөн 1 кабельтов алыстыкта жайгашкан баштапкы чекиттен Каракол булуңуна багыт алганда, 95° курска түшүү керек.

Тору-Айгыр I маягынан түштүк тарапка 2 миль алыстыкта жайгашкан чекитке чейин ушул курс менен өтүп, андан соң 82,5° курска бурулуп, Сухой Хребет маягына 72° пеленг боюнча 1,4 миль жана Кой-Сары навигациялык калкыма белгисинин түндүк бөлүгүнөн 6 кабельтов алыстыкта жайгашкан чекитке чейин 73 миль жүрүү керек.

Андан ары Ысык-Көл көлүнүн Жыргалаң булуңу боюнча сүзүү боюнча көрсөтмөнү жетекчиликке алуу зарыл. Каракол булуңунан Балыкчы портуна сүзүүдө, Сухой Хребет маягына 72° пеленг боюнча 1,4 миль жана Кой-Сары жарык берүүчү калкыма белгисинин түндүгүнөн 6 кабельтов алыстыкта жайгашкан чекиттен 262,5° курска түшүп, ушул курс менен Балыкчы булуңуна чейин баруу керек. Андан ары Балыкчы булуңуна кирүү боюнча нускаманы жетекчиликке алуу зарыл.

Балыкчы портунан Покровский булуңуна чейин жана кайра сүзүү. Сууда сүзүү көлдүн түштүк жээги боюнча жүргүзүлөт. Балыкчы навигациялык белгисинен түштүккө карай 1 кабельтов аралыкта жайгашкан баштапкы чекиттен Покровка булуңуна баратканда, 94° курсуна түшүп, Карабулунга 30° пеленг боюнча 3,3 миль аралыкта жайгашкан чекитке чейин 70 миль жүрүү керек

Андан ары Покровка булуңу боюнча сүзүү боюнча нускаманы жетекчиликке алуу зарыл. Покровка булуңунан портко сүзүп бара жатканда, Карабулун маягына 30° пеленг боюнча 3,3 миль аралыкта жайгашкан чекиттен 274° курсуна түшүп, Балыкчы булуңуна чейин ушул курс менен баруу керек. Андан ары Балыкчы булуңуна кирүү боюнча көрсөтмөнү жетекчиликке алуу зарыл.

Түп булуңунан Покровка булуңуна чейин жана кайра сүзүү. Сууда сүзүү көлдүн чыгыш жээги боюнча жүргүзүлөт. Кутургу калкыма белгисинен түндүккө карай 7,5 кабельтов аралыкта жайгашкан чекиттен Покровка булуңуна баратканда, 222,5° курсуна түшүп, 22,5 миль жүрүү керек.

Карабулун маягы 140° пеленгге келгенде (сол борттун 82,5° бурчу), 180° курсуна бурулуп, Карабулун маягына 30° пеленг боюнча 3,3 миль аралыкта жайгашкан чекитке чейин ушул курс менен баруу керек.

Андан ары Покровка булуңу боюнча сүзүү боюнча нускаманы жетекчиликке алуу зарыл. Покровский булуңунан Түп булуңуна сүзүп бара

жатканда, Карабулун маягына 30° пеленг боюнча 3,3 миль аралыкта жайгашкан чекиттен 0° курсуна түшүп, 5,7 миль өтүү керек жана Карабулун маягы 140° пеленгге келгенде (оң борттун 140° бурчу), 42,5° курсуна бурулуу керек. Андан ары Түп булуңу боюнча сүзүү боюнча көрсөтмөнү жетекчиликке алуу зарыл.

Каракол булуңунан Покровский булуңуна чейин жана кайра сүзүү. Покровка булуңуна баратканда, Сухой Хребет маягына 72° пеленг боюнча 1,4 миль аралыкта жайгашкан чекиттен баштап, Кой-Сары буйун түштүккө карай 6 кабельтовго калтырып, 235° курска түшүп, 15,7 миль өтүү керек. Карабулун маягы 140° пеленгге келгенде (сол тараптан 95° бурч), 180° курска бурулуп, Карабулун маягына 30° пеленг боюнча 3,3 миль аралыкта жайгашкан чекитке чейин баруу керек.

Андан ары Покровский булуңунда сүзүү боюнча нускаманы жетекчиликке алуу керек. Покровский булуңунан Каракол булуңуна сүзүп бара жатканда, Карабулун маягына 30° пеленг боюнча 3,3 миль аралыкта жайгашкан чекиттен баштап, 0° курска түшүп, 5,7 миль өтүү керек. Карабулун маягы 140° пеленгге келгенде (оң тараптан 140° бурч), 55° курска бурулуу керек.

Каракол булуңуна жакындаганда, Ко-Сары навигациялык бую Сухой Хребет маягынан оң жакта көрүнүп турушун көзөмөлдөө зарыл. Андан ары Ысык-Көл көлүнүн Жыргалаң булуңунда сүзүү боюнча көрсөтмөнү жетекчиликке алуу керек.

**Кеме жүрүүгө жана ар кандай калкып жүрүүчү каражаттарды колдонууга жабык жана тыюу салынган суу объектилеринин же көлдөрдүн акваториясынын бөлүктөрүнүн тизмеси.**

Төмөндө көрсөтүлгөн административдик-аймактык чек араларда кеме менен жүрүүгө жана ар кандай сүзүүчү каражаттарды колдонууга тыюу салынат:

1. Ысык-Көл көлүнүн акваториясы (Ысык-Көл мамлекеттик жаратылыш коругу). Ысык-Көл облусу:

- Тоң району, Балыкчы шаарынан Кызыл Туу айылына чейин, жээгинин узундугу 48 км. - координаттары: 42°26′41 түндүк туурасы 76°11′19 чыгыш узундугу, 42°15′40 түндүк туурасынан 76°42′29 чыгыш узуну.

- Ысык-Көл району, Тору-Айгыр айылы, жээгинин узундугу 15 км.

- координаттары: 42°28′44 түндүк туурасы 76°22′25 чыгыш узундугу, 42°30′38 түндүк кендик, 76°31′46 чыгыш узундук. - Село Чон-Орукту, жээктин узундугу 7 км.

- координаттары: 42°43′14 түндүк туурасы 77°50′08 чыгыш узундугу, 42°43'26 түндүк туурасынан 77°55′11 чыгыш узуну.

- Түп району, Кичи-Орукту айылынан Кутургу айылына чейин, жээктин узундугу 15 км.

- координаттары: 42°42′52 түндүк туурасы 77°59′11 чыгыш узундугу, 42°44′10 түндүк туурасынан 78°07′30 чыгыш узуну.

- Ак-Булун айылынан Пристаньга чейин, жээктин узундугу 8 км.

- координаттары: 42°44′37 түндүк туурасы 78°12′58 чыгыш узундугу, 42°44′58 түндүк туурасынан 78°18′27 чыгыш узуну.

- Николаевка айылы, жээги 5,5 км. - координаттары: 42°43′45 түндүк туурасы 78°14′34 чыгыш узундугу, 42°43'21 түндүк туурасынан 78°11′06 чыгыш узуну.

- Жети-Огуз району:

- жээк сызыгынын узундугу 9,5 км. - координаттары: 42°21′49 түндүк туурасы 77°50′42 чыгыш узундугу, 42°17′17 түндүк туурасынан 77°47′23 чыгыш узуну.

- Оргочор айылы, жээгинин узундугу 7 км. - координаттары: 42°31′39 түндүк туурасы 78°05′08 чыгыш узундугу, 42°28′51 түндүк туурасынан 78°02′02 чыгыш узуну.

2. Нарын облусунда:

- Сон-Көл көлүнүн акваториясы, бийик тоолуу көл Тянь-Шаньдын ички арыктарынын ортосундагы чуңкурда жайгашкан.

- координаттары: 41°50′25 түндүк туурасы 75°08′07 чыгыш узундугу.

3. Чатыр-Көл көлүнүн акваториясы, жогорку тоолуу көл ички Тянь-Шанда жайгашкан.

- координаттары: 40°38′00 түндүк туурасы 75°17′00 чыгыш узундугу.

4. Жалал-Абад облусунда:

- Сары-Челек көлүнүн акваториясы - тузсуз суулуу көл. Сары-Челек мамлекеттик биосфералык коругунун аймагында, Батыш Тянь-Шандагы Чаткал жана Атойнак кырка тоолорунун түйүнүнө жакын жайгашкан.

- түндүк туурасынын 41°53′06 жана чыгыш узундугунун 71°57′45 координаттары.

- Кара-Суу көлүнүн акваториясы Жалал-Абад облусундагы тоолуу көл, Алатай мамлекеттик жаратылыш паркында жайгашкан.

- координаттары 41°33′26 түндүк туурасы 73°15′25 чыгыш узундугу.

5. Ош облусу:

- Кулун көлүнүнүн акваториясы, тоолу көл. Фергана кыркасынын батыш жак бетинде. Кулунат мамлекеттик коругунда жайгашкан.

- координаттары: 40°32′34 түндүк туурасы 74°19′06 чыгыш узундугу.